## Жалпы жоболор.

**1.1. Негизги кесиптик билим берүү программасы**

Ишке ашырылып жаткан негизги кесиптик билим берүү программасы 060108 "Фармация" адистиги боюнча орто кесиптик билим берүү мамлекеттик стандартынын негизинде жана практикалык саламаттык сактоонун талаптарын эске алуу менен медициналык колледж тарабынан иштелип чыккан жана бекитилген документтердин тутуму болуп саналат.

Негизги кесиптик билим берүү программасы максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, билим берүү процессин ишке ашыруунун мазмунун, шарттарын жана технологияларын, бүтүрүүчүнү адистик боюнча даярдоонун сапатын баалоону жөнгө салат жана өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: окуу процессинин графигин, окуу планын, дисциплиналардын жумушчу программаларын жана окугандарды даярдоонун сапатын камсыз кылуучу башка материалдарын, окуу-өндүрүштүк практиканын программаларын.

Негизги кесиптик билим берүү программасында жыл сайын окуу пландарынын жана дисциплиналардын жумушчу программаларынын түзүмү жана мазмуну, окуу-өндүрүштүк практиканын программалары, студенттерди даярдоонун сапатын камсыз кылуучу методикалык материалдары кайра каралып, толукталат.

Негизги кесиптик билим берүү программасы студенттердин жана колледж кызматкерлеринин биргелешкен билим берүү, илимий, өндүрүштүк, коомдук жана башка иш-аракеттеринин алкагында ишке ашырылат. "Фармация" адистигин программасы төмөнкү принциптердин негизинде ишке ашырылат:

- бүтүрүүчүнү даярдоодо практикалык багыттуулукка басым жасоо;
- "фармация" адистигинин окутуучулары тарабынан окутуунун заманбап педагогикалык технологияларын колдонуу;
- билим берүүнүн мазмунун аныктоодо практикалык саламаттык сактоонун суроо-талаптарын эске алуу;
- окуп жаткандарды кесиптик чөйрөдө дайыма өнүгүүгө жана инновациялык ишмердүүлүккө, анын ичинде квалификациясын жогорулатууну улантууга шыктандыруу.

**1.2. 060108 "Фармация" адистиги боюнча НКББПны иштеп чыгуу үчүн ченемдик документтери**

Орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын иштеп чыгуунун ченемдик укуктук базасын төмонкүлөр түзөт:

- Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы №179 Билим берүү жөнүндө Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 30-декабрындагы №718 жогорку жана орто кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-августундагы №496 жогорку кесиптик билим берүүнүн эки деңгээлдүү түзүмүн белгилөө жөнүндө токтому (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлундагы №472, 2014-жылдын 22-июлундагы №405, 2018-жылдын 16-июлундагы №323, 2019-жылдын 30-декабрындагы №718, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2021-жылдын 25-ноябрындагы №278, 2023-жылдын 29-майдагы №290 токтомдорунун редакцияларына ылайык);
- "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жогорку жана орто кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 30-декабрындагы №718 токтомунун аткарылышы тууралуу 2020-жылдын 24-февралындагы №202/1 буйругу;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 15-майдагы №567/1 060108 "Фармация" адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты (каттоо №180 07.06.2019-ж);
- ОшМУнун уставы;
- Колледждин окуу процессине тиешелүү жоболору жана ички документтери.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**ӨЗГӨН ЭЛ АРАЛЫК МЕДИЦИНАЛЫК КОЛЛЕДЖИ**

| | |
|---|---|
| «Каралды» | «Бекитем» |
| ОМКнын 2023-жылдын "22" 09 | Өзгөн эл аралык медициналык |
| жыйынынын № 2 протоколунда | колледжинин директору Ө.Т.Станбаев |
| ОМКнын төрайымы: ________ | "30" 09 2023-ж. |

# Бүтүрүүчүнүн модели

Даярдоо багыты (адистиги): 060108 "Фармация"

Бүтүрүүчүнүн квалификациясы: фармацевт

**Негизги кесиптик билим берүү программасынын жетекчиси:** **Жаанбаева З.Н.**

Өзгөн 2023-жыл.

# Макулдашуу баракчасы

Бүтүрүүчүнүн модели 060108 “Фармация” адистигинин орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттын талаптарына ылайык иштелип чыккан.
Негизги кесиптик билим берүү программасынын жетекчиси: Жаанбаева З.Н.

| Бүтүрүүчүнүн моделин кароо жана бекитүү процесси | протоколдун № | Колу (печаты) |
|---|---|---|
| Бүтүрүүчүнүн модели “Жалпы кесиптик дисциплиналар” циклдын отурумунда каралды: | 2023-жылдын “28” 09 №2 протокол | “Жалпы кесиптик дисциплиналар” циклдын төрайымы: ______ Раева К.Т. |
| Бүтүрүүчүнүн модели ОМКнын отурумунда жактырылды: | 2023-жылдын “22” 09 №2 протокол | ОМКнын төрайымы: ______ Кошатова Г.Т. |
| Бүтүрүүчүнүн модели ЖЧК “Мээр Чөп” жана ЖИ “Мухтарханова” менен талкууланды: | Талкуунун датасы: | ЖЧК “Мээр Чөп” дарыканасынын башчысы ______ Осмонова М.Т. ЖИ “Мухтарханова” дарыканасынын директору ______ Мухтарханова Я.М |

**БМ өзгөртүүлөр жана толуктоолор барагы**

| № п/п | БМ бөлүмүнүн номери жана аталышы | БМ өзгөртүүлөрдү/толуктоолорду сүрөттөө | Өзгөртүү датасы | Циклдын жыйынынын протоколу | Мугалимдин, НББПнын жетекчисинин кол тамгалары |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |

Тиркеме 1

## Эмгек рыногунун билим берүү керектөөлөрүн, эмгек функцияларын, окутуунун натыйжаларын аныктоо үчүн (сурамжылоо, тегерек столдор) өндүрүштүк жана кесиптик уюмдардын өкүлдөрүнүн тизмеси.

060108 “Фармация” адистиги

| Мекеменин аталышы | Ээлеген кызматы | Байланыш маалыматы: | |
|---|---|---|---|
| | | Жетекчинин АаА | тел., e-mail |
| ОсОО «Мээр-Чоп» | ОсОО «Мээр-Чоп» бөлүм башчы | Осмонова Үзүрие Токтобековна | 0220353308 |
| | Фармация пунктунун башчысы | Тынaйбек кызы Гүлира | 0551508450 |
| «Мухторханов» ЖИ директору | «Мухторханов» ЖИ директору | Мухторханова Якутхон Мансурхановна | 0550276857 |
| «Маметов» ЖИ | «Маметов» ЖИ директору | Маметова Нургүлү Курманбековна | 0555403685 |
| АК «Фармтех» | АК «Фармтех» менеджер | Кадыров Нурбек Арабаевич | 0551200080 |
| ОсОО «Фарм-Лид» | ОсОО «Фарм-Лид» маркетолог | Сапиева Айдай Осмуровна | 0999060195 |
| | менеджер, куратор | Жорабаева Назира Нурлан кызы | 0505020794 |
| ОсОО «Мир-Нур» | ОсОО «Мир-Нур» бөлүм башчы. | Ахунбаева Мархабо Абдухалимовна | 0755170573 |
| | | | |
| | | | |

Программанын жетекчиси ______________ З.Н.Жаанбаева

Тиркеме 2

Кесиптик ишмердүүлүк жаатындагы

Функционалдык картасы

Билим берүү программасынын аталышы 060108“Фармация”

| Эмгек ишмердигинин түрлөрүнүн аталышы | Эмгек функциялары |
|---|---|
| A. Уюштуруучулук : | A.1. дары-дармек каражаттарын жана медициналык багыттагы буюмдарды ченемдик документтердин талаптарына ылайык сактоону уюштуруу |
| | A.2. баштапкы отчеттуулукту жүргүзүү; |
| | A.3. жеткирүүчүлөрдөн товарды кабыл алуу жана алардын баштапкы контролу; |
| | A.4. дары-дармек каражаттарын жана медициналык багыттагы буюмдарды рецепт боюнча жана рецептсиз калкка берүү |
| Өндүрүштүк: | B.1. жеке рецепттер, саламаттык сактоо уюмдарынын талаптары боюнча жана дарыкана ичиндеги камдамалар түрүндө, анын ичинде асептикалык шарттарда дары формаларды даярдоо |
| | B.2. идиштерди жана көмөкчү материалдарды стерилизациялоо |
| | B.3. дары-дармек өсүмдүк сырьесун даярдоо жана таңкагтоо |
| | B.4. тазаланган сууну алуу |
| | B.5. титрленген эритмелерди даярдоо |
| C. Аналитикалык: | C.1. дары препараттарынын сапатын контролдоо; - эритмелерди титрлөө |
| | C.2. препараттагы дары заттардын сандык курамын аныктоо |
| | C.3. химиялык заттардын сапаттык курамын аныктоо |
| | C.4. жол-жоболоштуруу менен запастарды жана акча каражаттарын эсепке алууда ар кандай талдоо ыкмаларын колдонуу |
| Башкаруучулук: | D.1. дарыкана мекемелеринин структуралык бөлүмдөрүнүн ишин уюштуруу |
| | D.2. жогорку билимдүү фармацевт жок болгон учурда алыскы айыл жерлериндеги дарыкана мекемелеринин түзүмдүк бөлүмдөрүнө жетекчилик кылуу |
| | D.3. дары-дармек каражаттарынын жарактуулук мөөнөтүн контролдоо |
| E. Консультациялык-маалыматтык | E.1. дарыканалар аркылуу сатылуучу товарлардын ассортименти жана керектөө касиеттери жөнүндө калкка жана медициналык кызматкерлерге маалымдоо |
| | E.2. ченемдик документтерге ылайык дары-дармек каражаттарын кабыл алуу жана берүү жана аларды үй шартында сактоо эрежелери жөнүндө калкка консультация берүү |
| | E.3. дары-дармек каражаттарынын мүмкүн болгон кошумча таасирлери жөнүндө калкка маалымдоо . |
| | E.4. дарыгерге чейинки жардам боюнча кеңеш берүү. |

Тиркеме 3

**Күтүлүүчү натыйжаларынын жана эмгек функцияларынын матрицасы**

Билим берүү программасынын аталышы: 060108 "Фармация"

| Эмгек ишмердигинин түрлөрү | Эмгек функциялары | Күтүлүүчү натыйжа | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Кесиптик компетенция | | |
| | | Билими жана түшүнүгү | Билгичтиктер жана көндүмдөр | |
| Уюштуруучулук | А.1. дары-дармек каражаттарын жана медициналык багыттагы буюмдарды ченемдик документтердин талаптарына ылайык сактоону уюштуруу | -баштапкы эсепке алуу документтерин жүргүзүү, товардык-материалдык баалуулуктарды инвентаризациялоо көндүмдөрүн үйрөнүү жана өздөштүрүү; - дарыкана мекемелеринде эсепке алуунун жана отчеттуулуктун негиздерин үйрөнүү | фармацевтикалык ишмердүүлүктө ченемдик документтерди колдоно билүү | КК1 |
| | А.2. баштапкы отчеттуулукту жүргүзүү; | - баштапкы документтердин негизинде дарыкана бөлүмдөрүнүн, дарыкана кампасынын жана чакан чекене дарыкана тармагынын отчетторун түзүүгө; | Баштапкы эсепке алуу жана отчеттук документтерди жол-жоболоштуруу жана дарыкана ассортименти жүк кыймылынын жараянын талдоо | КК10 |
| | А.3. жеткирүүчүлөрдөн товарды кабыл алуу жана алардын баштапкы контролу; | -чарбалык каражаттардын түрлөрү жана товарлардын топтору боюнча ар кандай жеткирүүчүлөрдөн түшкөн дарыкана кампасынын (базасынын) кабыл алуу бөлүмү тарабынан товардык-материалдык баалуулуктарды кабыл алууну документ түрүндө тариздесин | Дары-дармек каражаттарын, дары-дармек өсүмдүк сырьесун, дарыкана ассортиментиндеги товарларды кабыл алууну, сактоону ченемдик документтердин талаптарына ылайык уюштурууга | КК12 |
| | А.4. дары-дармек каражаттарын жана медициналык багыттагы буюмдарды рецепт боюнча жана рецептсиз калкка берүү | - рецептсиз жана рецепт менен берүүгө уруксат берилген дары-дармек каражаттарын жана дарыканалык ассортименттеги товарларды берүүгө; | Рецепт боюнча жана рецептсиз дары-дармек каражаттарын, медициналык багыттагы буюмдарды жана дарыканалык ассортименттеги башка товарларды | КК3 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | калкка жана саламаттык сактоо уюмдарына берүүгө | |
| ндүрүштү: | В.1. жеке рецепттер, саламаттык сактоо уюмдарынын талаптары боюнча жана дарыкана ичиндеги камдамалар түрүндө, анын ичинде асептикалык шарттарда дары формаларды даярдоо | - күкүмдүрдү, ички жана тышкы колдонуу үчүн суюк дары формаларды, майларды, суппозиторийлерди, пилюляларды, инъекциялык эритмелерди, көз тамчыларыды ж. б. түрүндө, анын ичинде жеке жазуулар боюнча дары препараттарын сапаттуу даярдоо | Рецепт менен дары (формаларын)түрлөр үн жана ден соолукту сактоо уюмдарынын талаптары менен жасап ички аптекалык жасоолорду даярдайт, дары дармектерди тангактайт жана аларды берет. | КК5 |
| | В.2. идиштерди жана көмөкчү материалдарды стерилизациялоо | - идиш-аякты, жардамчы жана дары заттарды стерилизациялоого;; - приборлорду, аппараттарды, чакан механизация каражаттарын, электрондук жана компьютердик техниканы натыйжалуу пайдалануу | - Приборлорду аппараттарды кичинекей механикалык буюмдарды, аптека идиштерин жууп тазалап стерилдөөдө мыкты колдонуу;<br>- Санитардык гигиеналык режимди, эмгекти коргоо техникалык коопсуздукту жана орт коопсуздугунун эрежесин сактайт; | КК7<br>КК2 |
| | В.3. дары-дармек өсүмдүк сырьесун даярдоо жана таңкагтоо | Дары өсүмдүк сырьесун даярдоого, атап айтканда өсүмдүктөрдүн керектүү бөлүктөрүн вегетациянын белгилүү фазасына чогултууга, дары өсүмдүк каражаттарын туура кургатууга, сактоого. | Табият ресурстарын рационалдуу колдонууну эске алуу менен нормативдик документтин негизинде дары өсүмдүк чийки заттарын пайдалануу жолдорун билет, даярдоону уюштурат. | КК6 |
| налитическ | С.1.<br>- дары-дармек препараттарынын сапатын контролдоону жүргүзүү,<br>- препаратта дары заттардын сандык | - дары-дармек каражаттарынын сапатын контролдоо жаатындагы мамлекеттик саясат;<br>-дары-дармек каражаттарынын | Дары каражаттарынын ички дарыкана текшерүүнүн милдеттүү түрлөрүн жана колдонуу мөөнөтүн | КК9 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | курамын аныктоо,<br>- химиялык заттардын сапаттык курамын аныктоо | сапатын камсыз кылуунун контролдук-урукcат медициналык багыттагы буюмдарды | көзөмөлдөөнү билүү | |
| | C.2. жол-жоболоштуруу менен запастарды жана акча каражаттарын эсепке алууда ар кандай талдоо ыкмаларын колдонуу | - эмгек акыны эсептөөнү жана документ түрүндө тариздөөнү. Дарыкана кызматкерлеринин өргүү акысын жана убактылуу майыптык жөлөкпулдарын эсептөө;<br>- дарыкана уюмунун ишмердүүлүгүн талдоо үчүн ар кандай экономикалык анализ ыкмаларын колдонунуз; | Дарыкана уюмдарда маркетингдин жана мерчандайзингдин негиздерин колдоно билет | КК4 |
| D. Управленческая | D.1.<br>- дарыкана мекемелеринин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишин уюштуруу;<br>- жогорку билимдүү фармацевт жок болгон учурда алыскы айыл жерлериндеги дарыкана мекемелеринин түзүмдүк бөлүмдөрүнө жетекчилик кылуу | Дары-дармек каражаттарын жана медициналык багыттагы буюмдарды дарыканадан ССУНУН бөлүмдөрүнө жана кабинеттерине берүү тартиби.<br>Дарыканаларда жана саламаттык сактоо уюмдарында дары каражаттарын жана медициналык багыттагы буюмдарды сактоо жана эсепке алуу. | Дарыкана уюмдардын структуралык бөлүмдөрүнүн жумушун уюштурат жана алыскы айыл жерлеринде жогорку билимдүү фармацевтин жок кезинде башкарат. | КК11 |
| | D.2. дары-дармек каражаттарынын жарактуулук мөөнөтүн контролдоо | Дарыканада дары-дармек каражаттарынын даярдалышын контролдоо.<br>Дарыканаларда даярдалган дары-дармек каражаттарынын сапатын контролдоонун формалары. Кабыл алуу көзөмөлү. Жазуу көзөмөлү.<br>Сурамжылоону контролдоо.<br>Органолептикалык көзөмөл. Физикалык көзөмөл. Химиялык көзөмөл. | баалооДары каражаттарынын ички дарыкана текшерүүнүн милдеттүү түрлөрүн жана колдонуу мөөнөтүн көзөмөлдөөнү билүү | КК9 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Е. Консультативно - информационная | Е.1. дарыканалар аркылуу сатылуучу товарлардын ассортименти жана керектөө касиеттери жөнүндө калкка жана медициналык кызматкердерге маалымдоо | Дары каражаттарын сарамжалдуу пайдалануу. Дарыкана мекемелери тарабынан рецепттерди кабыл алуу жана дары-дармек каражаттарын берүү тартиби. | Дарыкана товар ассортименттерин калкка жана ден соолук сактоо уюмдарынын кызматкерлерине билдирет | КК13 |
| | Е.2. ченемдик документтерге ылайык дары-дармек каражаттарын кабыл алуу жана берүү жана аларды үй шартында сактоо эрежелери жөнүндө калкка консультация берүү; | - дары каражаттарды колдонуу боюнча калкка консультациялык жарадм көрсөтүү<br>- бардык дары формаларында эсептөөлөрдү туура жүргүзүү;<br>- дары формаларды даярдоодо жумуш ордун рационалдуу уюштуруу; | Рецептин туура жазылгандыгын курамындагы ингридиенттердин дал келүүсүн, жазылган өлчөмдүн бейтаптын жашына дал келүүсүн, колдонуу өзгөчөлүгүн, рецептеги өлчөмдөрдүн жогорку көрсөтүлүшүн аныктоо жөндөмү. | КК8 |
| | Е.3. - дары-дармек каражаттарынын мүмкүн болуучу кошумча таасирлери жөнүндө калкка маалымдоо. | - фармакокинетиканын негизги түшүнүктөрү: дары заттарды киргизүү жолдору, биотрансформация, дары-дармектерди организмден чыгаруу жолдору;<br>- фармакодинамиканын негизги түшүнүктөрү: дары-дармектердин таасир этүү механизмдери, дары заттардын таасиринин негизги түрлөрү | Рецептин туура жазылгандыгын курамындагы ингридиенттердин дал келүүсүн, жазылган өлчөмдүн бейтаптын жашына дал келүүсүн, колдонуу өзгөчөлүгүн, рецептеги өлчөмдөрдүн жогорку көрсөтүлүшүн аныктоо жөндөмү. | КК8 |
| | Е.4. - дарыгерге чейинки жардам боюнча кеңеш берүү | - катуу ууланганда, дары-дармек каражаттары менен дарыгерге чейинки биринчи жардамды көрсөтүүгө; | Биринчи медициналык жардамды көрсөтүү. | КК14 |

Тиркеме 4

**060108 “Фармация” адистигинин негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттары:**

| |
|---|
| Максат 1- Кесиптештер, бейтаптар жана алардын жакындары менен эффективдүү байланыш түзүү үчүн маалыматтык технологияларды жана тилдерди колдонуу, медициналык документтерди туура түзүү, булактарды окуу (адабияттар, рецепттер, нускамалар). |
| Максат 2– Райондун калкын сапаттуу, жеткиликтүү, коопсуз, керектүү дары-дармектер жана медициналык буюмдар менен уюштурууга, өндүрүүгө жана камсыз кылууга жөндөмдүү адистерди даярдоо. |
| Максат 3- Этномаданий өзгөчөлүгүн сактоо менен бардык этностук жамааттарды бириктирип, жарандык идентүүлүк принциптерин кармануууга жөндөмдүү ошондой эле табигый социалдык факторлордун калктын ден соолугуна тийгизген таасирин аныктоо учун колдоно билген адистерди даярдоо. |

Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн чөйрөсү

060108 "Фармация" адистиги боюнча бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин чөйрөсү-калкты дары-дармек каражаттары жана медициналык багыттагы буюмдар менен камсыз кылуу, кесиптик иштин төмөнкүдөй түрлөрүн камтыйт::

- уюштуруучулук;
- өндүрүштүк;
- аналитикалык;
- башкаруучулук;
- консультациялык-маалыматтык.

Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн объекттери

060108 "Фармация" адистиги боюнча бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин объекттери болуп төмөнкүлөр саналат::

- дары-дармек каражаттары;
- дары өсүмдүк сырьесу;
- көмөкчү материалдар;
- дарыкана шарттарында дары препараттарын даярдоо үчүн колдонулуучу жабдуулар;
- ички дарыканалык контроль жүргүзүү үчүн пайдаланылуучу приборлор, аппаратуралар, химиялык реактивдер;
- жеткирүүчүлөр жана керектөөчүлөр;
- фармацевттик уюмдун өндүрүштүк, соода жана маалыматтык ишин ченемдик укуктук жактан камсыз кылуу;
- баштапкы эмгек жамааттары.

060108 "Фармация"адистигин даярдоо боюнча бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин милдеттери.

060108 "Фармация" адистигин даярдоо боюнча бүтүрүүчү кесиптик ишмердиктин түрлөрүнө ылайык төмөнкү кесиптик маселелерди чечиши керек:

Уюштуруучулук:

- дары-дармек каражаттарын жана медициналык багыттагы буюмдарды ченемдик документтердин талаптарына ылайык сактоону уюштуруу;
- баштапкы отчеттуулукту жүргүзүү;
- жеткирүүчүлөрдөн товарды кабыл алуу жана алардын баштапкы контролу;
- дары-дармек каражаттарын жана медициналык багыттагы буюмдарды рецепт боюнча жана рецептсиз калкка берүү;

Өндүрүштүк:

- жеке рецепттер, саламаттык сактоо уюмдарынын талаптары боюнча жана дарыкана ичиндеги камдамалар түрүндө, анын ичинде асептикалык шарттарда дары формаларды даярдоо;
- идиштерди жана көмөкчү материалдарды стерилизациялоо;
- титрленген эритмелерди даярдоо;
- тазаланган сууну алуу;
- дары-дармек өсүмдүк сырьесун даярдоо жана фасовкалоо